**Тынчтыкбек КЫДЫРОВ**



# Мекенге кат

**Ош шаары – 2019**

УДК
ББК

**Кыдыров Тынчтыкбек:**
**"Мекенге кат"** Ош шаары: 2019 - ???? нуска.

ISBN

*Колуңуздардагы китеп Тынчтыкбек Кыдыровдун экинчи ыр жыйнагы. Ал 1991-жылдын 21-январында Ноокен районунун Масы айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Туу айылында жарык дүйнөгө келген. 2008-жылы №25-Кызыл-Туу орто мектебин ийгиликтүү бүтүрүп, ЖАМУнун экономика факультетинен жогорку билимге ээ болгон.*

*Жаштайынан поэзия кайрыктарынын түмөн түйшүгүн тартып келген Тынчтыкбек жан дүйнөсүнөн жаралган ырларынын алгачкы топтомун "Махабатка сапар" аттуу чакан китеп аркылуу эли-журтуна тартуулаган.*

*Ал эми гана 28 жашка келгендигине карабастан экинчи "Мекенге кат" - деп аталган китебин поэзия сүйүүчүлөргө тартуулап отурат.*

УДК
ББК

ISBN

© Т.Кыдыров, 2019.

# АВТОРДОН

Менин насаатчым, мектеп жашынан бери жазган ырларымды дайыма гезит бетине жарыялап, шыгыма-шык кошкон, моралдык колдоо көрсөтүп, акыл-насаатын айтып келген эжем Бурайма Райимбековага чоң ыраазычылык билдирем.

Ушул китептин чыгышына да чоң салым кошуп, жардамын аябай басмага даярдап, көмөк көрсөткөндүгү үчүн рахмат айткым келет. Эже, дайыма мен сыяктуу жаштарга кеп-кеңешиңизди берип, колуна жаңы калем кармаган поэзия сүйүүчүлөргө жол көрсөтүп, тарбиялап, өстүрө бериңиз. Сизге берекелүү өмүр, бекем ден соолук, бакубат жашоо каалайм, көп жашаңыз.

# ТАЛАНТЫҢ ТАШКЫНДАЙ БЕРСИН, ТЫНЧТЫКБЕК!

Тынчтыкбектин ырлары мага кол телефон (ватсап) аркылуу келип турду. Анын ар бир ырына үңүлө карап, келери менен окуйм. Эл катары кең Россиянын койнунда миңдеген мекендештерибиз сыяктуу эле турмуш-тиричиликтин айынан иштеп кеткен Тынчтыкбек Кыдыровдун жан дүйнөсүнөн жарылып чыккан поэзия кайрыктары чаңкоо кандыра турган булак десем жарашат.

Тынчтыкбектин ыр дүйнөсүнө башбаксаңыз Ата-Мекенге, ата-энеге, дос-жарга, сүйүүгө болгон мамиленин назик сезимине мас болуп, чын эле ысык аптапта муздак, таза булактан моокум кана суу ичкендей болосуз. "Туулган жердин кадырын алыста жүргөндө билесиң" - деген сөздүн маанисин мына ушул жаш акындын ырларынан жон териң менен сезесиң. Анын "Мекенге кат" - деген ырын окугандан кийин бөтөн элде иштеп жүргөн балдарың, бир туугандарың көз алдыңа тартылып, жүрөгүң сыздап кетет.

*... Жарык нуруң аркалаган жүрөгүм,*
*Жат өлкөдө жасалмалуу күлөмүн.*
*Каймак, балын сунса дагы бөтөн жер,*
*Кадырыңды эңсеп Мекен жүдөдүм.*

*... Сапарыңа узаткансың уулуңду,*
*Сагынамын жадагалса суугуңду.*

*Кош кол сымал ыйык тутуп жүрөмүн,*
*Комуз, калпак, кызыл түстүү тууңду!*

Ооба, ал кайсыл темада жазбасын ырларынын ар бир сабы олуттуу, салыштыруулары күчтүү, берейин деген оюу терең жана табышмактуу сезилет. “Айтаар сөзүм” - деген ырында:

*Жаркын ойлор чыгып турсун сунушта,*
*Жаңылбагын фундаментти курушта.*
*Көгүчкөндөй алга канат каккылап,*
*Көөгө жакын болбогонуң дурус да.*

-деп бүгүнкү күндөгү жеп-ичкендерди, заманыбыздын оңолбой жаткан жактарын кейиш менен айтып келип, жаштарды көгүчкөндөй алга канат кагып, көөгө жакын болбоосу, таза иштеп, элге таза кызмат кылып берүүсүн эңсеп турганы байкалат.

Ушундай эле күчтүү дем менен ата, энесине, досторуна, кызына, өмүрлүк жарына арнаган ыр саптарында жеке гана кызыкчылык эмес, ар бир адамдын турмушунда кездешүүчү бурулуштарды, оң менен терсти, кубаныч менен өкүнүчтү таразалай билүү чакырыгы ташталгансыйт.

Айрыкча Тынчтыкбектин сүйүүгө болгон мамилеси, берген баасы ар түрдүү кайрыкта, түрдүү багытта, жүрөктөн чыккан сезимдер менен берилгенин окурман өзү таразаласын. Анын ар бир ыры окурманды кайдыгер калтырбайт. Кыргыз поэзиясынын туу чокусун багындырып кеткен алп акын Алыкул Осмоновго кайрылган ыр саптары түтпөс темага айланып, окуган сайын кумарыңды кандырат.

Кыскасы, Тынчтыкбектин 23 жашында жарык көргөн алгачкы китеби “Махабатка сапар” деп ата-

лып, чакан болгону менен аны окуган ар бир инсандын жан дүйнөсүнөн түнөк таап, издеп окушат. Ал эми экинчи колуңуздарга тийгени турган “Мекенге кат” аттуу китеби да поэзия сүйүүчүлөрдүн жан дүйнө азыгы болоруна ишенем.

Тынчтыкбекке кааларым: ыр дүйнөсүнө алган сапарың далай ашууларды ашып, өзүң эңсеп, туу туткан алп акын Алыкулдун жолун жолдоп, кыргыз элине гана эмес, атагың таш жарып, дүйнө элине таанылган чыгаан акын болоруңду тилейм! Эгерде сен ташыркабай, мансап-байлыктын артынан ээрчибей, убакытыңдын көбүн туура пайдаланып, поэзияга арнасаң сөзсүз тилегиңе жетээриңе ишенем. Поэзия айдыңындагы жолуң байсалдуу болсун!

**Бурайма РАЙИМБЕКОВА,**
**Кыргыз Республикасынын**
**улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү,**
**“Ноокен жаңырыгы” гезитинин**
**башкы редактору.**

# АТА-МЕКЕН

Сезим менен жашоо сенде тилек деп,
Сени айтам Ата-Мекен жүрөк деп.
Токсон акын чогулса да ыр менен,
Толук түрдө айта албады сүрөттөп.

Жашаш сенде орундалган тилек деп,
Жарык нуруӊ токтобогон жүрөк деп.
Азаптарыӊ өз мойнуна алдырып,
Алыкулуӊ айткан чыгар сүрөттөп.

Энчиленбей тоскоолдуктар камалган,
Эстегенде сууруп алчуу абалдан.
Магдыратып сулуулугуӊ өтөт да,
Май айында жеӊил соккон шамалдан.

Теӊ келесиӊ салыштырсам жаныма,
Теребелдүү ысынамын табыӊа.
Акты белдеп сиӊип калган көрүнөт,
Ак калпактуу аскаларыӊ каныма.

Салыштырсам сулууларга теӊ элеӊ,
Салымы чоӊ сан жетпеген кен элеӊ.
Жемишиӊе көпчүлүктөр суктанган,
Жер бетинде бейиш деген сен элеӊ.

*10-июнь, 2018-жыл.*

# НООКЕН РАЙОНУНА

Ноокен сенин таалайыңа жаралып,
Нооруз күндөй өттү сенде балалык.
Ортогуңдай сагынуудан танбаймын,
Ортобузга түшсө эгер аралык.

Буудай, пахта кенен сенден таралып,
Бузулбаган пайдубалың жаралып.
Жаш муунуң улап сени келатат,
Жаңы кылым токтобостон саналып.

Талантыма таш сымалдай кен болуп,
Таза сууң кокту колот ээн болуп.
Сенек элем ыр жазууда көтөргөн,
Сереӊ менен Тоскоол-Ата дем болуп.

Кара малы, жаңгак, токой байланып,
Кадырыңа жетүү бизде жайланып.
Нота жетпейт чертким келет күү менен,
Ноокен, Ноокен, Ноокен сенден айланып.

*18-июнь, 2018-жыл.*

# АЙТААР СӨЗҮМ

Жаман ойдон чыга келип таштанды,
Жарга салган жамандыгың таш жарды.
Акыйкаттын күч-кубаты кубарып,
Акча чечкен заманабыз башталды.

Кемтиктерден чыга келип таштанды,
Кедей калкы карегине жашты алды.
Алсыздардын тили кайып болгондой,
Акчалуунун заманасы башталды.

Көңүл үчүн соолуп бүттү гүлүң да,
Көрүнүштү кийим чечип бүгүн да.
Аргымакты алга чаап кайрылбай,
Айтаар сөзүм андайлардан түңүл да.

Жаркын ойлор чыгып турсун сунушта,
Жаңылбагын фундаментти курушта.
Көгүчкөндөй алга канат каккылап,
Көөгө жакын болбогонуң дурус да.

*18. 01. 2015-жыл.*

# АК ЖАМЫНГАН ЖАҢЫ ЖЫЛ

Түшүп тоого айланага ала бел,
Түйшүк сезим ошол карда кала бер.
Жаздын демин бизге гана тартуулап,
Жаңы жылым жаркын маанай ала кел.

Тосом сени декабрда ала бел,
Толкуну жок токтобостон бара бер.
Тынымы жок канат каккан мезгилде,
Тынчтык менен бейпилдикти ала кел.

Куттуу болсун замандашым майрамың,
Кубанычты жаңы жылга байлагын.
Мемирете себелеген учкундар,
Мээрим болуп Мекениме жайнагын.

Сууруп алып сулуулугун дайранын,
Суз болбосун замандашым майрамың.
Максатымда чыгармамда айткандай,
Мээримиңди Мекениңе байлагын.

*23.12. 2014-жыл.*

# АК КАЛПАК

Көркүң курчуп, келген күндөн, кылымга,
Катыштырам сени сыймык ырыма.
Салыштырса тең келесиң ак калпак,
Кыргызымдын кымбаттуу бир кырына.

Узак баргың, уланта бер сапарың,
Күзөтүп бар күндүн, айдын батаарын.
Ашык болуп жат адамдар сураса,
Алтын менен толтура албайт катарың.

*07. 04. 2015-жыл.*

# КЫЗЫМА

Улууга урмат жасап урушпагын,
Улгайып келечегиң тургуз баарын.
Каадасы канга сиңип турган убак,
Калкыңдын кадырлагын дурус жагын.
Ырыстуу Алыкулун бийик туткан,
Ыр жандуу атаң барын унутпагын.

Жаңыча ийгиликти тургуз баарын,
Жатыркап өзгө менен урушпагын.
Кылымдар алкыш жаап туруш үчүн,
Кыргыздын көтөргүнүң дурус жагын.

* * *

Бырыштырып былтыркы күз барагын,
Жаштык өтүп, карт орноду карагын.
Өйдө, төмөн жол изденип келатат,
Өлүм деген каргашалуу жанагың.

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

Ар күнүмдө Алыкулду эскерем,
Акындыкта өзгөлөрдөн бек белең.
Пайдубалы кыргыз элде кулагыс,
Падышасы поэзиянын деп билем.

Ысык-Көлүң кубатыңа берип дем,
Ырыскылуу сендей акын кетти дейм.
Ырасында калк ичинде сендейди,
Ыр дүйнөнүн падышасы деп билем.

Обон салып комуздун бир күүсүнө,
Өзүмчө бир ырдап көрөм күнүгө.
Көп акындын ырларын сен чөктүрдүң,
Көк кашкалуу дарыяңдын түбүнө.

Түшпөй туруп тирүүлүктүн тагында,
Түнү бою ыр жазган го чагымда.
Опол тоону бизге куруп кеткенсиң,
Отуз жаштын улам аркы жагында.

*15. 12. 2015-жыл.*

# ЭНЕЛЕРГЕ

Кылымдар жакшыларды бек деген,
Кыргыздын жолу болсун кеп кенен.
Калкымдын арасында бар болуп,
Карылыкка ийилбеңиз деп келем.

*23-июнь, 2018-жыл.*

# ЖЕКЕ ОЮМ

Ак суу акса карегиңден жаш болот,
Алтын түбү изилдесең таш болот.
Атпай кыргыз жетекчиси баш болот,
Акын деген табиятка мас болот.

Айыбы жок түбөлүккө жаш болот,
Адал тапсаң курсагыңда аш болот.
Акмактарың арам ишке мас болот,
Андайларга акын деген кас болот.

*25-июнь, 2018-жыл.*

# АЛА-ТООМО

Шаңшып турса бүркүттөрүң аскада,
Шашып барам сен кармаган ташка да.
Кыдырсам да, нечен түркүн жерлерди,
Кыргыз жерим сенин абаң башка да.

Илбирстериң басып турса аскада,
Ийилемин сен кармаган ташка да.
Туурасында башка жерде жүрсөм да,
Туулган жерим сенин жытың башка да.

Жаратканым, сага рахмат тагдырга,
Булап алдым гүлдөн чыккан атырга.
Биз бактылуу кыргыз жердин чыгааны,
Сагынычым кетпей турат азыр да.

Ырлар арнап, тээ балалык жашымда,
Ыргытылган таштарың да асыл баа.
Аздык кылаар дагы ырлар жазайын,
Өмүр чиркин, бир аз турчу, шашылба.

# МЕКЕНГЕ КАТ

Жалгыз калып баласындай эликтин,
Жат өлкөнүн жамаатына бириктим.
Зергер ташын ыйгарса да тонналап,
Зээним кейип сенсиз Мекен эриктим.

Жарык нуруң аркалаган жүрөгүм,
Жан жыргатчу жасалмалуу күлөмүн.
Каймак, балын сунса дагы бөтөн жер,
Кадырыңды эңсеп Мекен жүдөдүм.

Өзүң бийик өбөлгөмсүң аска дээр,
Жазып өтөм өмүр бүтчү жашка дээр.
Төрт түлүгү жайылса да миңдеген,
Төмөн турат Мекен сенден башка жер.

Жайлооң мүрөк жанга жагат салкын деп,
Жанга теңеп кызмат кылчу калкым деп.
Туура айткан атпай кыргыз эзелтен,
“Туулган жердин топурагы алтын” - деп.

Бүркөлсө да күнүң мага жаркын деп,
Буюрганы Теңиримдин алтын деп.
Мезгилиңдин мээримине чөмүлчү,
Мээнет кылчу жашай берсин калкың бек.

Сапарыңа узаткансың уулуңду,
Сагынамын жадагалса суугуңду.
Кош кол сымал ыйык тутуп жүрөмүн,
Комуз, калпак, кызыл түстүү тууңду.

Сен деңизсиң, көк шибериң ак кайык,
Сен жок кезде дарманымдан ал тайып.
Караанынды жамынамын Ата-Журт,
Калсам дагы калыбымдан картайып.

## АТАКЕ

Шамалын эркин ойноткон,
Кырларым сенсиң атаке.
Санаасын сууруп ыргыткан,
Ырларым сенсиң атаке.

Тирүүлүк канын жүргүзгөн,
Тирегим сенсиң атаке.
Билимсиз төөнү жыгыткан,
Билегим сенсиң атаке.

*20-апрель, 2018-жыл.*

# ЭНЕМЕ

Сактоо болсун маңдайыңда бүлөөңдү,
Санаа алыс шаттык берген бир өңдүү.
Бейишиңе кирүү үчүн мен даяр,
Берсең алам мойнуңдагы күнөөңдү.

Жолдошундай болдуң бүгүн очоктун,
Бейишке кир үнүн укпай тозоктун.
Карылыктын түрмөсүнөн куткар деп,
Өзүм түшүп сени келет бощоткум.

Нур байланып такыр көрбөң карангы,
Нур жүзүңүз алат менин санаамды.
Ак батаңды берип анан кечиргин,
Алыкул деп какшап жүргөн balаңды.

# СУРАНЫЧ

Ичирбестен сүйүүсү бар мүрөктүн,
Илдетиндей кеттиң эле жүрөктүн.
Сундуң эле тиктеп жүр деп кагазды,
Несин тиктейм жансыз жаткан сүрөттүн.

Көздөн качпай оң жүргөндөр астыда,
Коркутканым туура болор касты да.
Кор болгуча карааныңа зар болуп,
Колдон келсе унутканым жакшы да.

Болочокко умтулгансып астыда,
Бол-бол деген убакытым шашты да.
Болуп өткөн махабатты баяндап,
Болгон эмес деп койгонум жакшы да.

Толсо дагы купулума кубаныч,
Токтобогон тоо кушундай тур алыс.
Таңбы, кечпи чыгып калсаң жолумдан,
Тааныттырбай өтүп кетсең, сураныч.

*27-июнь, 2018-жыл.*

# САГА

Ачык айтып сыр тутпаймын тилекти,
Арманым жок өзүң менен күн өттү.
Өзүң менен карыймын деп аяймын,
Өзүңдү деп согуп турган жүрөктү.

Таң калтырып жаз жамалы көрүндү,
Таң нурлары жер бетине төгүлдү.
Сезимдерди асыроодо аяймын,
Сени менен көтөрүлгөн көңүлдү.

Маарекемсиң маанисин чак сөзүмдүн,
Мен асырайм теңдештүүсүң көзүмдүн.
Кудуреттүү болор элем аз мынча,
Купулуңа толуп турсам өзүңдүн.

*17-июнь, 2018-жыл.*

# АЙЖАМАЛ

Санаам элең саргыч күздө Айжамал,
Саламымды жер шамалы айта бар.
Башка жолтоо жок эсебин чыгарып,
Байлаганың өзүң болдуң Айжамал.

Багытынан каршы чыккан ай шамал,
Баа жетпеген саламымды айта бар.
Оргуштаган махабатта не кылам,
Оюман сен чыкпай турсаң Айжамал.

*Сегизинчи ай, 2014 жыл.*

# АККОРДЕОН

Күзгүдөй тунук курагым,
Күү салып турчу сурарым.
Көзүмөн жашым куюлтуп,
Көз үзбөй сенден турамын.

Үйрөнчү сени курагым,
Үн салып турчу сурарым.
Көкөлөп чыккан күүңдү,
Көбүнөн угуп турамын.

Тамшанттың канча жүрөктү,
Тартасың нечен чүрөктү.
Ызгаардуу жолду калтырып,
Ырдалып канча күн өттү.

Ырдаса угат ай дагы,
Ырыспай күүң жайлады.
Оорулуу болуп жүрөмүн,
Ойлоном эмнең байлады.

*17. 01. 2015-жыл.*

# ТУУЛГАН ЖЕР

Кыргыз жерим кыйылбаган карааның,
Ак кагазга калем алып барамын.
Замбиректей күчүңдү мен жамынып,
Заматта мен, тоскоолумду жарамын.
Көрүнүктүү көркүңдү сен төгө көр,
Көңүл менен ырлар жазып алайын.

Кыргыз жайлоом кыйылбаган карааның,
Кылым өтсө дале бойдон баламын.
Аргымактай күчүңдү мен жамынып,
Ала-Тоомо ырлар жазып аламын.
Кызык тагдыр колун кезеп сунаарда,
Кыргыз жерге колум булгап алаармын.

# МЕКЕНИМ – КЫРГЫЗСТАН

Кыргыз жерим, сагынамын, кандашым,
Кылым бою жаратканым жандасың.
Ала-Тоону ак булутка жеткизген,
Алыкулдай алп акындар талбасын.

Туулган жерим, топурагың кандашым,
Туу кармаган Манас атам жандасын.
Жай   баракат жайлоо кезген койчудай,
Жан эргиткен жаз жамалы калбасын.

Мээ сергиткен Ала-Тооңо келемин,
Мен коктуңдан кызгалдактар теремин.
Ыраак сапар аттанаарда Ала-Тоо,
Ыр аралаш букет жасап беремин.

Сыймык туткан Ысык-Көлгө келемин,
Сырга кеңеш ырларымды теремин.
Толкунуңдун тоо күчүнө барабар,
Төрт сап ырга гүлдөр байлап беремин.

# КЫРГЫЗ ЖЕРИНЕ

Өзгөчөлөп кыргыз жерди бөлгөнмүн,
Ата-Журтту актап жүрүп көнгөнмүн.
Бул пикирим адатымча айтамын,
Кыргызстанды алтын сыяк көргөнмүн.

Бабаларым жашап келген мекендеп,
Ата-Журтум ыйык нерсе экен деп.
Кыргыз элим турат дайым түбөлүк,
Кыргызстандын түп-тамырын бекемдеп.
Жүзүм айтат билген жандуу адамга,
Жүрөк согот, кыргыз жерим, Мекен деп!

Табиятың сулуулукка бөлөнүп,
Ымыркайдай жаңы гана төрөлүп.
Алгач мына мекендеген муундар,
Асабаны бийик кармап көтөрүп.

Согуп келсе Мекен деген жүрөгүм,
Соолубаган гүлдөр алып жүрөмүн.
Соолукту деп Ата-Журттун атына,
Соолубаган наристедей бирөөмүн.
Сонун күндөр жакшылыкка жанданып,
Соңку ырлар жаңырсын деп жүрөмүн.

# ЭЙ АЛЫКУЛ!

Эй Алыкул, тосуп чыгып жолуңдан,
Жаралдыбы, сыйкыр ырлар колуңдан.
Көлдөн издеп таба албасам эгерде,
Кайра кайтып ырларыңа жолугам.

Сен алдыңда алсыз экен акындар, -
деген өңдүү Ысык-Көлгө жакын бар.
Талант менен курчалгансың Алыкул,
Ошондуктан ыр жазууга акым бар.

Сен алдыңда алсыз экен ашык жар, -
деген өңдүү Ысык-Көлгө басып бар.
Таскак салсын Алыкулдун ыры деп,
Тээ алыскы таарынычты жазып сал.

Мен талыкпайм, ыр жазуудан Алыкул,
Тоскоол менден тоо койнундай ары тур.
Сенин көлүң түбөлүккө турса да,
Жээк бойлоп, Ысык-Көлгө барып тур!

* * *

Ырларыңдын ыкмаларын карыштап,
Ыр чыгарган талант сенде табышмак.
Чыгармаңдын ат салуусун карасам,
Чындыгында Пушкин, Шота калышмак.
Терең пикир себебине келсем мен,
Тээ кыргызым окуп чыкты аныктап.

Барактаймын ыр китебиң карыштап,
Баа жетпеген талант сенде табышмак.
Басым күчтүү, ыр жазууда карасам,
Бардык кыргыз акындары калышмак.
Ушул пикир себебине келсем мен,
Улуу кыргыз окуп чыкты аныктап.

Эй Алыкул, акындыкта элесиң,
Эбегейсиз күчтөр менен теңесин.
Замандардын сен ырыстуу акыны,
Ысык-Көлдү сунуп бизге келесиң.
Ырасында из кубалап келсек биз,
Ыр дүйнөдө Ала-Тоодой немесиң.

* * *

Отуз беште өзү билбей кагыларын,
Орток болуп Ысык-Көлдү сагынарын,
Ыр дүйнөдө ким падыша деп сурасаң,
Ырдамакмын, Алыкул деп тагырагын.

Ташкын болуп, талант дайра агыларын,
Татаал жолдо таарынычка багынарын.
Махабатта ким падыша деп сураса,
Мактамакмын, Алыкул деп, тагырагын.

Поэзияда өчпөй турат жылдызың да,
Ырларыңдын келечеги кыргызымда.
Из калтырдың түбөлүккө өчпөй турган,
Кыдырганда кылымдардын кызыгында.

Поэзияда чыгып мына жарыктык,
Калем кармап, күнү-түнү талыктык,
Ошол эмес, ошол караан ичинен,
Ысык-Көлдөн вулкан сымал жарып чык.

* * *

## МЕКЕНИМЕ

Саат сайын Мекенимде гүл өнүп,
Сага келген душман жолу бүдөмүк.
Жүзүң ачык, кара жолдо дем берип,
Жүрөгүмдө жүрөсүң сен түбөлүк.

Ажырабайм, ал тагдырды көрбөйүн,
Айта жүрчү сөз менен да бөлбөйүн.
Учуп кетсе тынчтык кушу өзүңдөн,
Ушул болот жүрөгүмдө көйгөйүм.

Учаар кезде биз кармайбыз кушуңду,
Угуту жок нечен душман бузулду.
Ызгаар кыштын арасынан таап алып,
Ысык суугa теңеп жүрөм тузуңду.

Ошол себеп, өзүң кубат, жүрөксүң,
Ойдуңдарда кучак толо гүл өссүн.
Ак калпактуу кыргызыма күч берип,
Ала-Тооңо тынчтык кушу түнөсүн!

*24. 12. 2014-жыл.*

# АТАМА
*(Маматжан Бекешовичке)*

Мага бийик, теңейм сени аскага,
Мамилең бар чынчыл болуп башкага.
Ойдон эмес, жүрөктөгү бул ишим,
Он жашымды берсе деле аз сага.

Түздөн бийик, теңейм сени аскага,
Түз мамилең өсө берсин башкага.
Арзыбастыр сага башка белектер,
Он беш жашты берсем деле аз сага.

* * *

# ЭНЕМЕ
*(Уулбү Токтобековнага)*

Табышмактай мээримдүүсүң эне сен,
Тартып турат ыр жазууга терезем.
Бакыт кушун журтубузга кондуруп,
Бүт балдарың сендей болсун берешен.

Ооруганда сурап турчу эне сен,
Ойго салат жанда турган терезем.
Бүткүл аалам жакшылыкка кол шилтеп,
Бүт пенделер сендей болсун берешен.

# САГА АРНАЛАТ

Көптөй эмес сага болгон талабым,
Көргөн кезде көңүл бошой каламын.
Көйгөй чиркин тынчтык бербей олтурат,
Көзөмөлдө турса дагы карааның.

Көгөргөндөй жаз көркүнө талаанын,
Көңүлүңө жалгыз жакчу баламын.
Көптөр менен сырдашууга көңүлдөн,
Көзөмөлдөн чыкса дагы карааның.

Болгум келет жалгыз сага сөз берер,
Болочокко ийгилик кыл көз көрөр.
Барктуулар да теңелишти көп ирет,
Баса албады орунуңду өзгөлөр.

Убадам бар сени сактоо көзүмдөй,
Улууларча мыкты жигит сөзүндөй.
Сууруп алчу кайгылардан көп жолу,
Сулууларың боло албады өзүңдөй.

Өзүң жокто жазым дагы саргара,
Өзүңдөй бир көргөзсөңчү жар мага.
Өкүнүчкө кол шилтенет ар качан,
Өзүң барда өмүрүмө бар дабаа.

Далилденип ак сүйүүбүз тураарга,
Дайындалды жүрөгүмө бул арга.
Далай жолу арналды го өзүңө,
Дал өзүмө тиешелүү чыгарма.

# АЛЫСТАП СЕНДЕН

Мемиреп чыккан мага таң,
Мезгилге нурун таратам.
Аркалап бизди кусалык,
Алыстап сенден баратам.

Кышында жайдай саратан,
Кылымга ысык таратам.
Кыр ашып сени издээрде.
Кыйкырык салып баратам.

Кол булгап бизден саратан,
Көрүнбөй турат мага таң.
Коркунуч салып жүрөккө,
Коштошуп сенден баратам.

# КЫРГЫЗСТАН

Дабаа таппай турган кезде башымды,
Далай жедим, даам толгон ашыңды.
Имерилип кургакчылык келгенде,
Ичээр белең сыгып берсем жашымды.

Бир кездерде дарек сенден жашынды,
Сагынганмын жылдап, айлап ташыңды.
Аэропорттон түшкөн кезде өөп алып,
Арман толо көйгөйлөрүм басылды.

Сүйүүм сага болгону чын Кыргызстан,
Өтсө өтөөр, кооздугуң жылдыздан.
Кекчил жаным урса дагы төмөнгө,
Кемтик таппайм аман болсоң турмуштан.

*16. 01. 20015-жыл.*

# АРАДА ЧАКЫРЫМ

Өзгөргүс болуп мүнөзүң,
Өрттөдүң баарын бир өзүң.
Жаралап кетип жүрөктү,
Жарыгым кайда жүрөсүң?

Булутту жарып күлөсүң,
Бурганак шамал бир өзүң.
Таарынтып кетип көңүлдү,
Таң сулуум кайда жүрөсүң?

Мезгилдей артың караба,
Мен өзгө, башкага санаба.
Сапарга түшөр заматта,
Сагыныч түштү арага.

Чагылган түшүп жарага,
Чакырсам мени караба.
Чаңырык салып махабат,
Чакырым түштү арага.

# КАЙДАСЫҢ?

Таба албай калдым айласын,
Таң атып жарык жайнасын.
Таарыныч такыр басылбай,
Татынам азыр кайдасың?

Карлыгач кушум сайрасын,
Кышында суусу кайнасын.
Карааның күтүп зар болдум,
Карындаш айтчы кайдасың?

Санаадан чыккан караандай,
Сагындым сага бара албай.
Сабырым бошоп өзүмдүн,
Сагыныч калды таралбай...

Алыска таштап кадамың,
Алсырап күтүп жатамын.
Абайла соккон жүрөктү?..
Акырын сазга батамын.

# КАЧАН КЕЛЕСИҢ?

Көлүңдө сүзгөн кемесиң,
Көзүмдөн учат элесиң.
Көрүнбөй кеттиң алыстап,
Көңүлүм качан келесиң?

Караанды туткан желесиң,
Каректен кетпейт элесиң.
Капыстан учтуң колумдан,
Кайрылып качан келесиң?

Кызыктан чыкпас элесиң,
Кыйырсыз жолдо келесиң.
Кыр сымал тоскоол жолуңда,
Кымбатым качан келесиң?

Айыпсыз турат элесиң,
Адашсам тосчу желесиң.
Аралап түндүн ичинен,
Ашыгым качан келесиң?

# ЖҮРӨКТҮН ТӨРҮН УЯЛАП

Сүйүүдөн болдум эпсиз жан,
Санасам түндү чексиз сан.
Оюман чыкпас элесиң,
Ордуңду баспайт эч бир жан.

Сезимден бүтүп чексиз сан,
Сен эңсеп жүрчү эпсиз жан.
Боз туман баскан ордуңа,
Боло албайт сендей эч бир жан.

Эрмегим кагаз сыялап,
Элесиң барат кыялап.
Жүрөсүң дале жанымда,
Жүрөктүн төрүн уялап.

Кайрадан кагаз сыялап,
Карааның барат кыялап.
Себепкер болдуң жарыгым,
Сезимдин төрүн уялап.

# КОШТОШУУ

Чыгаарда кадам карыштайм,
Сыздаттың сүйүү жарышпайм.
Мейкинге канат каккандай,
Мен эми сенден алыстайм.

Өкүнүч турсаң алышпайм,
Өкүнттүң сүйүү жарышпайм.
Элеске канат каккандай,
Эми мен сенден алыстайм.

Алгачкы сезим таңында,
Айлана каптап жалынга.
Колумду булгайм алыстап,
Кош эми мени сагынба.

Тескейи күндүн жагында,
Термелип карайм агымда.
Чыгаарда сенден алыстап,
Чырагым мени сагынба...

# САГЫНЫЧ

Кек сактап болдум жарадар,
Келсең сен көккө барабар.
Ааламда куса, сагыныч,
Айта албайм качан таралар.

Кусадан болдум жарадар,
Кумарым көлгө барабар.
Бийикте жүргөн кусалык,
Билбеймин качан таралар.

Аралап куса басканы,
Айланып жүрөт асканы.
Тагдырга суроо беремин,
Таба албай сенден башканы.

Жанымда куса басканы,
Жар салып жүрөт асканы.
Көңүлгө түшпөй өзгөлөр,
Көзгө илбей сенден башканы.

# АЗЫР БАРАМ

Сүйөм гүлүм, сүйөм деймин кайталап,
Сүзүлүңкү мен жүрөгүм айта алат.
Күттүрүүнүн тоскоол ташын талкалап,
Күзгү жамгыр арасында чайкалат.

Көрсөм гүлүм, көргүм келет кайталап,
Көөдөндөгү мен жүрөгүм айта алат.
Жароокерим жадыраган жарыкта,
Жазгы жамгыр арасында чайкалат.

Айтып пикир алдасаң да кайталап,
Ашыктыгың көздөрүңдөн байкалат.
Арман кылып аралыктын кастыгы,
Атыр жыттай көктө бүгүн чайкалат.
Аздектетип жүрөктөгү пикирим,
Азыр барам, деген сөздү айта алат.

# КАЙДА ЭЛЕҢ?

Кымбатынан кылыч кескен кайберен,
Кыр ашууда жол салуучу сай белең.
Кылымдарды камтып өтүп кышында,
Кызыл гүлүм кыдырганда кайда элең?

Сапарымда көрүп бүгүн кайберен,
Саргыч тартып сагынганда айда элең.
Чырмап алган тоскоол торун жара албай,
Чынын айтчы, чырагым сен кайда элең?

Жогоруну жорук көрүп кайберен,
Жол салууда бир токтогус сай белең.
Жоготуунун жолун табып мезгилде,
Жоодур көзүм жолугарда кайда элең?

# АШЫГЫМА

Сапар алып каршы соккон шамалга,
Санаалашым салдың жаман абалга.
Түйшүктөрүм түбөлүккө айланат,
Түшүп калсам сенден ыраак абалга.

Ашык болуп айдын көркү жамалга,
Ашып барам каршы соккон шамалга.
Адат көрүп сага ырлар жазсам да,
Жүрөгүмдү салдың жаман абалга.

* * *

# КӨЗ АЛДЫМДА

Айта берсем арман болоор кептерим,
Ай толоордо сырга толот дептерим.
Каргашалуу окуянын соңунда,
Караан болуп көздөн такыр кетпедиң.

Ырга салсам арман болоор кептерим,
Ышкы отуна толот менин дептерим.
Жоругуңдун кеткис ордун эстесем,
Жөлөк болуп кубатымдан кетпедим.

Учуп өтүп, мен келээрде кептериң,
Унутаарда сызга толуп дептерим.
Эстен кеткис окуянын соңунда,
Элес болуп көздөн такыр кетпедиң.

# САГА БАЙЛАНУУ

Алсыз беле агынында сайларың,
Аттап өтүп мезгилдердин айларын.
Түйшүктөрдүн түп-тамырын бекемдеп,
Түшүнбөдүм жипсиз сенин байлаарың.

Күчтүү беле агынында сайларың,
Күтүп өтүп мезгилдердин айларын.
Күттүрүүнүн түп-тамырын бекемдеп,
Күбө жоктой жипсиз сенин байлаарың.

Колго алып күчтүү билек дайранын,
Кошуп жазам мезгилдердин айларын.
Колум сунуп жазга салым кошкондой,
Коздугуңа жипсиз мени байладың.

# КЫЗГАНАМЫН ШАМАЛДАН

Он сегизде ойго салган секелек,
Ошол мезгил колдон кармап жетелеп.
Өзүң берген аманаттай сезимдер,
Ошол бойдон жүрөгүмдөн кете элек.

Кызык күндө элестериң эркелеп,
Кыйнады го кусалыкка жетелеп.
Тарых сымал ташка чийип жазгандай,
Тагыраагы жүрөгүмдөн кете элек.

Ашып өттүң түркүн өңдүү жамалдан,
Ачык айтсам кызганамын шамалдан.
Арзууга бек, кучак толгон букетти,
Айжамалым, алмаштырбай сага алгам.

* * *

# ЭСТЕП СЕНИ

Эстейм гүлүм, эстетээрге бар айла,
Эч ким баспас биз жүрүүчү жагдайда.
Сүзүлүңкү кош каректи аралап,
Сүйбөсөң да сүрөтүмдү абайла.

Эстейм гүлүм, эстейм сени ар айда,
Ээсиз гүлдү үзө турган жагдайда.
Сен тарапка сапар алар заматта,
Сезбесең да сезимдерди абайла!

# ТОСКООЛ

Сезимимде сен аркылуу тоскоолуң,
Сен өзгөчө жарыктыкка окшодуң.
Кекчил сапат жоруктарым болсо да,
Келип турат сени гана коштогум.

Сен кайрыктан жаттап алган саптарың,
Сезимимди боз жоргодой таптадым.
Кылыч сымал өткүр ырлар жазсам да,
Кымбатыма такыр эле жакпадым.

Сен көңүлдөн жаттап алган саптарың,
Сезимимди ак шумкардай таптадым.
Чындыгында чынчыл ырлар жазсам да,
Чырагыма такыр эле жакпадым.

# ЭЛЕСИҢ КҮЧ

Эмнегедир элестериң кучакта,
Эмне себеп мезгил мынча учат да.
Тагдырлашым, таарынычка жол бербей,
Таза сүйүү тамырларын суусатпа.

Кайкып учкан элестериң кучакта,
Канат кагып мезгил мынча учат да.
Өтпөйт мизи элестериң эстесем,
Жадагалса кайрат кескен бычак да.

Учсам гүлүм эки канат учакта,
Ушул себеп элестериң кучакта.
Жазгы гүлүм сабыр кылып жүрсөк биз,
Жалган болот ооздон чыккан ушак да.

# СЕНСИЗ

Агымсыз менин булагым,
Ашамын тоонун узагын.
Себебин айтчы тагыраак,
Сенсиз мен эмне кыламын?

Кайрылбай артка басканың,
Кусага мени таштадың.
Ызалап кагаз алдында,
Ырларды жаза баштадым.

Термелип кара чачтарың,
Тезирээк барам шашпагын.
Тикензар күнгө кабылдым,
Тирегим менден качпагын.

*17. 03. 2017-жыл.*

# СУНУП ЖҮРГҮН

Тактап алып тамырыңдан каныңды,
Тартуулагын жада калса жаныңды.
Кедейликке батсаң дагы бир убак,
Кем кылбагын эч немеден жарыңды.

Маңыз болгон кептин учун кармайын,
Максатыбыз бир болгону ал дайын.
Бурганактуу кыш болсо да майрамда,
Букетиңди сунуп жүргүн ар дайым.

Акыйкаттын айкын кебин жандайын,
Ак ниетти жасоо керек ал дайын.
Күнөөсү жок күлүп турган жарыңа,
Гүлдөн букет тартуулагын ар дайым.

*29. 01. 2015-жыл.*

# СЫР

Ачык айтсам кеп учкунун таратат,
Ал жаштыгым кээде жүрөк канатат.
Айтпай турчу турмушумдун кемтигин,
Ансыз деле өмүр өтүп баратат.

Мейкин сымал жылдызын да таратат,
Мээрими бар, кээде жүрөк канатат.
Мекенимде болбосом да кээ күнү,
Менсиз деле өмүр өтүп баратат.

Баткан күндү баарлашып сүйлөнө,
Байланганга чамам жетпейт сүй дебе.
Түйшүктөрүм айтпайынчы кайталап,
Түшүнгөн жок мени эч ким дүйнөдө.

*10. 06. 2015-жыл.*

# ПОЭЗИЯДА ЭҢ БИРИНЧИ АЛЫКУЛ

Атам мени: “чынчыл жолдо бол уулум”,
Жасайм аны теңир берсе соолугум.
Улуу Пушкин, Шота жана Алыкул,
Алар менен түштөрүмдө жолугуум.

Ыр жаза албай кээде жүрөм арманда,
Ойго батып ыр көлүндө ар маалда.
Ысык-Көлүм көркүн ачат бир мезгил,
Алыкулдун ыр калемин кармаарда.

Тосуп алган Ысык-Көлүм келгенди,
Теңебеймин асыл байлык, же кенди.
Сезим менен учкансың сен Алыкул,
Сендей болуп сүйсөм деймин Мекенди.

Ырларыңда сезим, сүйүү – ал чукул,
Ый аралаш жаздың беле ар утур.
Акындарга маалым деген ойдомун,
Поэзияда – эң биринчи Алыкул!

*02.08. 2012-жыл.*

# ЖЫЙЫРМА ТӨРТ ЖАШ

Чыгамын деп ал кетирген оорудан,
Чынчылы жок күндөн алыс болуудан.
Жылчып аккан балалыктар кол булгап,
Жыйырма төрткө азыр мына жолугам.

Шаттык күндүн жыргалын бек кучактап,
Шаштым алдың жаш чырпыкты бутактап.
Татынакай дем бересиң өткөн күн,
Тагдырымдын таң шооласын кубаттап.

Бүркөө салган арабыздан түн качып,
Бүгүн мына ырахаты күн ачык.
Кымбаттыкка далил чыккан өңдөнөт,
Кызык күндүн кызгалдагы гүл ачып.

Теңир жактан ушундай күн жолдонуп,
Тең укуктуу жалпы жамаат колдонуп.
Тетириси сапар тарткан өңдөнөт,
Тескей түшкөн теребелдер оңдолуп.

*21. 01. 2015-жыл.*

# МЕНИН СҮЙҮҮМ

Мейкин десе оңго карай сол колум,
Менин сүйүүм мрамордой оңбогун.
Таарынычты талкан кылып мезгилде,
Тапчы гүлүм жолугуунун жолдорун.

Күчкө тиреп, жаза калса сол колум,
Күнөөсүздөй менин сүйүүм оңбогун.
Аркалатып аруу, сезим тилекти,
Айжамалым ашыксыздай болбогун.

Сезсең гүлүм сага айтаар жалган жок,
Сенден чыкпайм себебинде аргам жок.
Шүгүр кылчы теңириме тоо гүлүм,
Шуу үшкүргөн арабызда арман жок.

Ырасында сага айтаар жалган жок,
Ыр күзөткөн карегим да талган жок.
Айжамалым ачык пикир аралап,
Аталбаган ырлар сага калган жок.

*17. 08. 2014-жыл.*

# БАКЫТТАРЫН ЭСКЕРИП...

Калтыраарда бир кулагыс эстелик,
Карылыктын алааматы тез келип.
Өйдө-төмөн турмушумда жол берген,
Өткөн күндүн өбөлгөсүн эскерип.

Из калтырып тургузаарда эстелик,
Иштер менен ийгиликтер тез келип.
Баам салып олтурамын жыл өтсө,
Балалыктын бакыттарын эскерип.

Таттуу даамын татып алып анан да,
Нелер жатат сен жасаган караанда.
Сезими жок кыялымды жетелеп,
Сен калтырган издериңе барам да.

*28. 01. 2015-жыл.*

# ӨСТҮР ЖАНЫМ...

Аягандай алтын көрүп баласын,
Ар мүнөттө мени күтүп каласың.
Туруктуу бир махабатты көп сунуп,
Туулган жердин топурагы карашың.
Акыйкаттын учкундарын себелеп,
Айыктырдың жүрөгүмдүн жарасын.

Көп өчүрдүң жүрөгүмдүн карасын,
Көйгөй кылып күткөн бойдон каласың.
Арабызга махабатты себелеп,
Алыкулдун ырларындай карашың.
Өбөлгөлүү жумуш жасап алдыга,
Өстүр жаным – Ала-Тоонун баласын.

*26. 06. 2015-жыл.*

# АТАГА

Канча күндөр өтсө дагы агылып,
Калба деймин карылыкка багынып.
Ызалыкта калбайт эле арманым,
Ырдап берсем аккордеон тагынып.

Ырыскылуу күндөр жүрсүн агылып,
Ыр жазганым болду элге жаңылык.
Ызалыгым тарайт эле алдыңда,
Ырыспайдай ырдап турсам жагынып.

Айткан сөзүң кармап алып аздектей,
Алыстасың айлананңдан кар кетпей.
Жаман балаң жапа чегип олтурат,
Жагдайыңды сураганга алы жетпей.

*06. 02. 2015-жыл.*

# БИР КЕЗДЕ

Жарып өтүп менде жүргөн элесиң,
Жарга салдың махабаттын кемесин.
Түнгө айлантып аруулуктун сезимин,
Түйшүгү жок түшүнбөгөн немесиң.

Уксам дагы түркүн элден жаңылык,
Улгайганда келет дешет карылык.
Ачылбаган сырды түйүп ичиме,
Айта берем ашыктыгым жарылып.

Көргүм келбейт бирөөлөргө багынып,
Көөдөн кагып көрүнгөнгө жагынып.
Кайрат кылып какшанбастан жүрөмүн,
Кайгы салган капканыңды тагынып.

*23. 01. 2015-жыл.*

# КЫРГЫЗ ЖЕРИМ

Баалуу жаның балкытат го күмүштү,
Баа жетпеген нечен акын сүйүштү.
Кылдат менен Теңиримден сураймын,
Кыргыз жерим – сени сүйүп жүрүштү.

Аманатын адат кылып түйүштү,
Алыкулдай азаматтар сүйүштү.
Жараткандан кылдат менен сураймын,
Жамалыңа жазды байлап жүрүштү.

*24. 08. 2014-жыл.*

# ЭКИ АЛП

Татыктуусу кыргызымдын жөнү да,
Таң калтырган тарыхтардын төрү да.
Боюндагы Чолпон-Ата жанында,
Боордошу Алыкулдун көлү да.

Көтөрүлөт менден чыккан азгын кеп,
Көңүлүмдө көркөмдүгүң ашсын деп.
Көйгөй салган кыргызымда бир сөз бар,
Көлдү жазса Алыкулча жазсын деп.

Ырасында жазуу кыйын булардай,
Ыр дүйнөдө учкан бийик улардай.
Бир дегенче ырдан сарай бүтүрсө,
Биз жүрөбүз бир бөлмөнү куралбай.

*17. 01. 2015-жыл.*

# СЕНДЕГИ КӨРК

Жоодур көзүң карар замат калкыгам,
Жолукканча сени көздөй талпынам.
Акыйкатта сулуулугуң калбайт да,
Бек кармаган Бегимайдын артынан.

Күтүү менен күбө жоктой каркырам,
Күз келгенче сага гана талпынам.
Азырынча сулуулугуң сапарда,
Ак жамынган Акмөөрүңдүн артынан.

*03. 11. 2014-жыл.*

# МОСКВА

Эстегенде карегимде жаш сыга,
Эркелеттиң ийгиликти астыга.
Деңиздердей сүрүң күчтүү сырдашым,
Дем бергенсиң бир мезгилде Москва.

Барсам сага карегимден жаш сыга,
Бат жараттың ийгиликти астыга.
Болочоктун нурун чачып дүйнөгө,
Боорукерсиң, боордошум Москва.

Берекесиң бооруңдагы башчыга,
Берип салдың ийгиликти астыга.
Белги бердиң кубатыма бир убак,
Берешенсиң, берекелүү Москва.

*21. 12. 2014-жыл.*

# АСАНКАЛЫЙ КЕРИМБАЕВ

Кашкасы болуп кыргыздын,
Кадырың бийик тургуздуң.
Эрмеги болуп ырларың,
Эсинде турат уул-кыздын.

Сыймыгы болуп кыргыздын,
Сыйкырдуу кадыр тургуздуң.
Жаркырап турат эмгегиң,
Жарыгы тийип жылдыздын.

Кубаты болуп кыргыздын,
Кулагыс дубал тургуздуң.
Асылып талант бийикке,
Алдына өттүң жылдыздын.

Тартып күүнүн атасын,
Таң сырга бизди тартасың.
Кубаттап күчүн таланттын,
Кулакка күүнү артасың.

*14. 01. 2015-жыл.*

# ЭСКИНИ КОЗГОП

Кадалып канга бул арман,
Кармашаар күчүм кубарган.
Өкүлдүк кылбай дарманга,
Өзүңсүз бүтпөй чыгармам.

Аралап бизге бул арман,
Акыйкат күчү кубарган.
Киришер жанга күйүнбө,
Кирпигиң кымбат булардан.

Орчундуу ырга бул арман,
Оруну ң бийик дубалдан.
Коргошун деле кадырлуу,
Коркомун жаным убалдан.

Көпчүлүк ырды арнадым,
Көөдөндөн чыгып дарманым.
Кармасын окуп алып деп,
Кайрыкка кошуп салганым.
Эми жок арман айтайын,
Эскисин козгоп алганым.

*16. 11. 2015-жыл.*

# ТАГДЫР КҮЧҮ

Тагдыр күчү өйдө, төмөн бирдейсиң,
Татаал жолду көз алдыңа илбейсиң.
Арыш ашкан турмуштагы тоскоолдук,
Алыкулга ыр жазганым билбейсиң.

Бийикти да, төмөндү да билбейсиң,
Биздин күндөр адамзатка бирдейсиң.
Көкүрөктү миң койгулап айта алам,
Көөдөн толо ыр турганын билбейсиң.

*02. 06. 2015-жыл.*

# АКЫН ЖОЛУ

Үшүк сымал ысык-суук акында,
Үстүбүзгө үлгү болуп закымда.
Дем берүүдөн кайтпаганы курч талант,
Дээр сөзү Алыкулга жакын да.

Олуттуу бир күч келгенсип жакында,
Ой-санаалар алыс кетпей акында.
Дем берүүдөн кайтпаганы курч талант,
Дээр сөз Алыкулга жакын да.

Көзгө илбей сынчыны да, касын да,
Көркөм ырлар таң таратып башында.
Буудан сезип өзүм жазган ырларды,
Пушкин деле төмөн турган жашымда.

Жаза калып жаңылуудан күлгөнмүн,
Жар салуучу табияттан үйрөндүм.
Өрттөлгөнүм ушул болот тагдырда,
Өзүмө-өзүм акын болуп жүргөнүм.

Мекенимде гезиттерге катталып,
Менин ырым калса керек жатталып.
Кезек менен чыга баштайт акырын,
Кээ бир акын ырларына ат салып.

*11. 02. 2015-жыл.*

# САЛЫМЫҢ

Кайгы тарап, жашыл жазы көктөмдө,
Канат кагып караандарың өткөндө.
Кубанычым өйдөлөдү заматта,
Кучагыңа тартып туруп өпкөндө.

Өбөлгөнү жоюп салып өткөндө,
Өйдө-төмөн, болуп турган көктөмдө.
Өкүнүчүм калбай калат анан да,
Өзүң жакка тартып туруп өпкөндө.

Тагыраагы татаал сезим сагынды,
Тартууладың кыш чилдеде жалынды.
Маарақеме башчы болуп бир өзүң,
Махабатка өзүң коштуң салымды.

*31. 01. 2015-жыл.*

# ЖАРАТКАНГА

Өзүң болдуң ата жана энебиз,
Өбөлгөнү сенден күтүп келебиз.
Кубанычты тегиз сундуң пендеңе,
Кудуретиң өлчөмү жок ченегис.

Жарашыктуу гүлүң жерден теребиз,
Жаз мезгилин ырга салып келебиз.
Жашыл чачкан адыр, тооң, дарагың,
Жамалы күч, төрт тарабы ченегис.

Мээрим менен жамгыр түшкөн заматта,
Мээң сергип, медер кылып калат да.
Түбөлүктүү мөмө бердиң ырахмат,
Түгөнбөгөн ырыс жатат даракта.

*06. 05. 2015-жыл.*

# ВЕНЕРА

Миңден көбү турмушуңдун айкыны,
Милдетиң бил жан дүйнөнү бай кылуу.
Ал-күчүңдү Ата-Журтка арна деп,
Алыкулуң жар салганы айтылуу.
Улгайбастан жакшы сапат топтонуп,
Унут кызым, ыза менен кайгыны.

Турмуш чыны туура келгин айкыны,
Туруктууну тутуп, жок кыл тайкыны.
Сансыз майрам тартуулансын кайрадан,
Сага шаттык, мага бергин кайгыны.

Өзгөчө бек тутуп алып антымды,
Өсө берсин деп келемин баркыңды.
Өмүр жиби үзүлгөнчө жалганда,
Өз мойнума алайынчы дартыңды.

Жолун табам жоюу үчүн санааңды,
Жаркын бассын жашоо деген талааңды.
Майдын таңы тартуу болсун өзүңө,
Мага түшсүн сага барчу караңгы.

*16. 02. 2019-жыл.*

# КЫРГЫЗ ЗООСУ

Жамалың курч жанып турган жар беле,
Жарашыктуу жактырганың кар беле.
Сезе билем биздин журтта ар качан,
Сендей мээрим чачып турган ар эне.

Көкөлөтүп көп учурда маанайды,
Көз көргөндө ашык кылдың далайды.
Туруктуулук теңир өзү сунган го,
Кылым-жылды, багындырдың ар айды.

Таштан-ташка урунар соң булагың,
Табышмактуу чиркин үндө кулагым.
Кубанычты тартууладың ар күнү,
Кучагыңда жайгашкан соң турагым.

Жашынса да жаштык кездүү курагым,
Жашарткандай мөлтүр кашка булагың.
Сезим күчү өзгө жакка бурса да,
Сени менен бетме-беттей турамын.

*08. 04. 2015-жыл.*

# КОМУЗ

Токтогулду тааныткан бир ак жыгач,
Жаралганың биздин күнгө кайчылаш.
Бурчу эмне муундардын азыркы,
Унут кылбай угутуңдан ал сураш.

Кокту толо таскак кылган байыртан,
Бүгүн мына бүт өрөөнгө жайылган.
Жаңырыгы дүйнө жарган атактар,
Сени кармап бир топ чыккан айылдан.

Кеткен жан жок артын карап күүң укпай,
Туруктуусуң көктө кеткис булуттай.
Бийик кармап, колдон такыр түшүрбөй,
Биз жүрөбүз, атыңды эч унутпай.

*19. 01 2015-жыл.*

# КАЙРЫЛБАЙ

Алгачкы түйгөн бүчүрдөй,
Табият алыс көчүрбөй.
Жүрөмүн дале сагынып,
Жүрөктөн сени өчүрбөй.

Жалынын чачкан аптабың,
Ырыма кошуп саптарың.
Жүдөткөн ыйык сүйүүнү,
Жүрөккө бекем сактадым.

Байланып сага күн өткөн,
Байкатпай учтуң түнөктөн.
Бир келип, кайра кайрылгыс,
Батыраак өччү жүрөктөн.

Магдырап сени сагынам,
Махабат кулап тагынан.
Чырмалып бекем кармаган,
Чыгалбай сенин жаныңан.

*12. 02. 2012-жыл.*

# КЫЗДУУ БОЛДУМ

Кыздуу болдум, кеңейди да тардыгым,
Кымбатым бар, не кыламын артыгын.
Таң калтырган теңириме ырахмат,
Тагдыр дагы далилдеди марттыгын.

Сурап келем, Жараткандан өмүрүң,
Башка бүтчү багыттардын бөлүгүн.
Так секирип, ойноп турсаң жанымда,
Ошол замат толот менин көңүлүм.

*18. 06. 2015-жыл.*

# ЖАРЫМА

**(Айжамал Меңдибаевага)**

Кымбатымсың, айтаар сөзүм – асманым,
Кыйбай сени кыйгач жакка баспадым.
Кылым бизге суктангандай жүрөлү,
Кыялыңдын тескейлерин таштагын.
Кыргызымдын сыймыгына татыктуу,
Кызыктуу бир жумуштарды баштагын.

Жаңылбасам, өзүңсүң го асманым,
Жандап сени жаман жакка баспадым.
Жаркын мезгил суктангандай жүрөлү,
Жадагалса жаңылууну таштагын.
Жаңы муунду суктандырып кайрадан,
Жагалмайдай бийиктикке баштагын.

Көөдөнүмдө өзүң болдуң асманым,
Көрсөм дагы өзгөлөргө баспадым.
Көркkө бөлөп табиятты жаңыдан,
Көрө албастык кыялдарды таштагын.
Көңүлүмдү туу сыяктуу көтөрүп,
Көгүчкөнүм көккө карай баштагын.

*14. 03. 2015-жыл.*

# ИЗИҢЕРДЕ ГҮЛ ӨНҮП...

Карап туруп айта албайсың кайтышын,
Капка салам карыянын айтышын.
Из жашырып согуш бизге келгенде,
Илип алдың Ата-Журттун кайгысын.

Эч ким билбейт, туулган жерге кайтышын,
Ээн талаада жүргөн белең жай, кышын,
Колдоого зар, көмөк издеп калганда,
Колго алдың Мекенимдин кайгысын.

Унутулбай элибизде түбөлүк,
Сиздер менен миң кылымга жүрөлүк.
Сезимталдуу заманага жарашкан,
Силер баскан изиңерде гүл өнүп...

*22. 01. 2015-жыл.*

# ДОСТОРГО

Жалгыз досум жашырбаган катасын,
Жарык күндө атаң берсин батасын.
Жакыр калктын кызматына бек турсаң,
Жакшы ишти баштаганы жатасың.

Акпы, кара ачык айткан катасын,
Азыр досум атаң берсин батасын.
Адилеттүү кызматыңа бек турсаң,
Айкын ишти жасаганы жатасың.

Бирге жарып өтүп турсак тоскоолун,
Жакшы, жаман күндөрүндө коштогун.
Алга кыргыз жаңырыгын көтөрүп,
Амандыкта көрүшөлү досторум.

Максатыбыз терс өңүнө окшобос,
Майдандарда бизди эч ким козгобос.
Жарык чачкан кең ааламдын ичинде,
Жардам колун сунуп турат доско-дос.

*26. 09. 2014-жыл.*

# МЕКЕН САГА САЛАМЫМ

Ыр аралаш Мекен сага саламым,
Ыраак жерден тартылат да караанын.
Көйгөйүмдү жаратса да бул күндө,
Көркөмүңдү көтөр деген талабым.

Жаратылыш журтум сенде кеп-кенен,
Жаза албадым жамалыңды эп менен.
Жай айланып кыдырсам да жер шаарын,
Жаз мезгили сенде гана деп келем.
Алдуу болуп акындарың өзүңө,
Алыкулдун сөз байлыгы чектеген.

Далай жолу даамың татып кеп-кенен,
Далил кылып ак сүйүүм бар жетпеген.
Кара түнгө түшсөм дагы көп ирет,
Карааның бар карегимден кетпеген.
Кара сөзүм алсыз болуп өзүңө,
Кара мурчту сепсем дагы жетпеген.

*27. 03. 2017-жыл.*

# БАРАТАМЫН ТАЛКАЛАП

Жаш улгайды журтум сенден аркалап,
Жашоо сенде жарык чачкан салтанат.
Бүгүлүүнү сызып салып тагдырдан,
Бүт тоскоолду баратамын талкалап.

Ырыс алды ынтымагың ар тарап,
Ырга салчу ЫСЫК-көлүң чалкалап.
Арча жыты чачып турган тоолорго,
Алыкулдун ырлары бар салтанат.

Табышмагы тагдыр бизди жемелеп,
Таң аттырдым өзгө жерди тебелеп.
Сезим далай жазын, жайын, күзүндө,
Өзүңдөгү жамгырлар жок себелеп.

*14.02. 2019-жыл.*

# ТАБАЛБАЙ КЕЛЕМ ЭЛЕСИҢ

Азгырып сенин шамалың,
Айыптуу болуп абалым.
Көрүнгүс эле бир мезгил,
Көзүмдөн өттү жамалың.

Батырба мени күнөөгө,
Байланбай башка бирөөгө.
Сан жеткис сымал өңдөнүп,
Сакталып калдың жүрөктө.

Алыстан издеп күнүгө,
Ак куулар учат бир, экөө.
Дармансыз калган бир өңдүү,
Дабасын таппай жүрөккө.

Тор сымал сүйүү желесин,
Тоскоолду жарып келесиң.
Талкалап сезим сересин,
Табалбай келем элесиң.

# СҮЙҮҮНҮН ГҮЛҮ КӨКТӨСӨ

Жанымда кагаз күбөлүк,
Дастанда эми жүрөлүк.
Учурда алыс жүргөндү,
Унутсам деймин түбөлүк.

Кусада оттой күйүүнү,
Кургады сырдын түйүнү.
Алдыга таштап кадамды,
Алыстан издейм сүйүүнү.

Көңүлүм төмөн чөккөндө,
Көөдөнгө ыза төккөндө.
Көрүнбөй калдың тунарып,
Көзүмөн караан өткөндө.

Эгиздей жүрсөк окшошуп,
Айрылбас болдук достошуп.
Махабат бизден алсыздай,
Кез келсе сенден коштошуп.

Кусага сезим чөкпөсө,
Кубарып гүлүн төкпөсө.
Сулуулук кошуп дүйнөгө,
Сүйүүнүн гүлү көктөсө.

# ДАГЫ АЛЫКУЛ ЖӨНҮНДӨ

Асыл жаздың калкка сунуп берерге,
Айландырып бүт дүйнөнү келээрге.
Аалам түнү нурга айланат мен үчүн,
Алыкул деп атың уксам эгерде.

Дартыңа талантыңды бербей туруп,
Тааныштык ырларың элдей сылык.
Көп акын чиймеленип жүрөт мында,
Көлүңдү жаза албастан сендей кылып.

* * *

Көркөмдүү ырың ар тарап,
Көп акын сага таң калат.
Оргуштап чыккан чыгармаң,
Ойчулдун тоосун талкалап.

Ырыскы берип ар тарап,
Ысык-Көл сага таң калат.
Томсоргус болгон ырларың,
Тоскоолдун ташын талкалап.

Теңдешсе бийик чынардан,
Теңирим берген чыгармаң.
Көөдөнгө жакын болсун деп,
Көркөмүн көлдөй чыгарган.

Өйдөсү бийик чынардан,
Өрнөктүү болгон чыгармаң.
Өзүнө тартар ырларын,
Өтүмдүү кылып чыгарган.

Бүгүлгүс кылып асылдан,
Бүтүрдүң жазды жашылдан.
Бүдөмүк дебей тагдырын,
Бүгүнкү күнгө шашылган.

Калемин жасап асылдан,
Карааны ырга жашынган.
Калтырар изиң эске албай,
Кайыңды сага шашылган.

*22. 04. 2015-жыл.*

# ЫРЛАРДЫ САГА АТАДЫМ

Элесиң көрбөй капамын,
Ыр менен көлгө батамын.
Ыраактан издеп Алыкул –
Ырларды сага атадым.

Көлүңө такыр барбадым,
Ырыңдын колун кармадым.
Ый менен жазып Алыкул –
Ырларды сага арнадым.

Өчпөсүн сенин ырларың,
Кагазга төккөн сырларың.
Бозоруп турат бул күндө,
Боз атың баскан кырларың.

Тумардай талант тагылып,
Тушалдың ырга кагылып.
Ийилип тизе бүгүлдү,
Поэзия сага багынып.

Кылымда турат даңк алып,
Ырыңды айтам мактанып.
Издериң өчпөс түбөлүк,
Элесиң калды сакталып.

# ЖАЛПЫГА

Боз тумандын болочоктуу эгеси,
Болуп турам жалгыздыктын кемеси.
Жанга жакпас жорук салсам азыраак,
Жаман адам жаралыптыр дебечи.

Ал-күч берип, Алыкулдун кеңеши,
Алып качат жалгыздыктын кемеси.
Кетирсем да сага карай каталык,
Кекчил адам жаралыптыр дебечи.

Сүйрөп алып уу сүйүүнүн кемеси,
Сүзөктөлүп жүрө берет дебечи.
Алдан тайып керексизге чыксам да,
Алыкулдун бир ырына теңечи.

*19. 09. 2014-жыл.*

# СУЛУУЛУГУҢ ДЕМ БЕРЕТ

Кыргыз жерим, өңдөнөсүң дармандай,
Кызык өмүр сулуулугун салгандай.
Чоң сыймыкка айланат да заматта,
Чолпон менен айдын нурун алгандай.

Турба такыр мекендешке барк албай,
Туюласың жай, кыш болуп ар кандай.
Өзгөчө бир сулуулугуң дем берет,
Өмүрдөгү буюрулган ак таңдай.

Жазылыптыр мен, сен жактан жай табуум,
Жазмышыман ыраазылык байкадым.
Жыл мезгилди кууса дагы көп ирет,
Жыргал бүтпөйт, Мекен сенден айтаарым.

*14. 01. 2017-жыл.*

# ДОСУМДУН АРМАНЫ

***(Эссе)***

Балалыкта жүрөгүмө кылбай чеп,
Күнөөм эмне көрүнбөгөн кылдай деп.
Баян салды жанымдагы жолоочу,
Бир үшкүрүп, көзгө карай мындай деп:

Он жыл мурун сүйө калып бирөөнү,
Анан илдим, моюндагы күнөөнү.
Жаш кезимде мындай чечим чыгарып,
Кура калсак биз экөөбүз бүлөөнү.

Ал да айткан сүйүү сөзүн кайталап,
Кургур көздөн жылуу сезим байкалат.
Чиркин жүрөк күмөнсүрөп турса да,
Мен жүргөнмүн акыйкатты аркалап.

Аралайбыз бак ичинде шиберди,
Анан мага мындай сөзүн жиберди:
“Эмне себеп мени сүйөм дегенсиң”,
Эх аялдар, түшүнбөдүм силерди.

Сени көрсөм кызыл тилим сайраган,
Артык көрөм агып жаткан дайрадан.
Айланаңда учуп жүргөн жылдызың,
Мени болсо жипсиз эркин байлаган.

Көп күн өттү туулду бир максатым,
Сен айтасың, ал максатты таштагын.
Шаарга барам, он күн ичи кайтамын,
Мен келгенче чоочун жакка баспагын.

Макул дедиң, анан үнсүз карадың,
Билүү кыйын ичтен эмне санадың.
Коштошоордо колуң сурап айтаарда,
Кетүүмдү сен, төмөн коюп бааладың.

Жеттим шаарга, тагдыр муну сурады,
Тагдыр деген сураганы туурабы?
Барганымдын себебин да айтпадым,
Себеп десең, бир маселе кулады.

Досум иштейт шаардын жака-белинде,
Акчанын бир уюп турган кенинде.
Суранды ал он күн жүрүп кеткин деп,
Жылыбыздын ысып турган кезинде.

Барып келдим, анан сага аттандым,
Төрт сап жазган ак кагазда катты алдым.
Мени күтөт, тез карайын деп алып,
Ич-ичимден таасирленип мактандым.

Жыйырма бештин ар жагында курагым,
Жылтыраган машинамды бурадым.
Барсам сага келин болуп калыпсың,
Айласыздан амандыгың сурадым.

Айлар өттү, жылдар өттү, анан да,
Эмнегедир учпай койдуң санаамда.
Акыйкатты алыстарга качырып,
Алдаганың эстеп алып жанам да.

Кармап алып жанда жүргөн караанда,
Калп айтканың какшанган бир санаамда.
Санааркаткан өкүнүчтү таап алып,
Сүйсөм дагы, сүйбөймүн деп танам да.

*11. 01. 2015-жыл.*

# ЖАҢЫРЫККА ЖЕТКИРЕТ

Көнгөн адат көнүмүштөй тепкилеп,
Көөдөн толо жоруктарым кек тиреп.
Асыратып кагаз жайган ырларым,
Айжамал деп жаңырыкка жеткирет.

Сени эстеп, таң атат да, кеч кирет,
Сенек болгон сезимдерге сепкилеп.
Колдоо кылып ар убакта элесиң,
Колдон кармап, конуштарга жеткирет.

Күтсөң мени сабырыңа бек тилеп,
Күз жамгыры күбө болуп черткилейт.
Сапар тартып, алысыраак чыгаарда,
Саргайыңкы сагынычка жеткирет.

*05. 10. 2014-жыл.*

# АРАБЫЗДА

Көгөргөндөй жаз көркүнө талаанын,
Көңүлүңө жалгыз жакчу баламын.
Көптөр менен сырдашууга көңүл жок,
Көзөмөлдө турса деле карааның.

Көңүл гана сага болгон талабым,
Көргөн кезде көңүл боштой каламын.
Көйгөй чиркин тынчтык бербей олтурат,
Көзөмөлдөн чыкса деле карааның.

Ыргак сага куюлушкан деп келем,
Ыр жазамын сага карай эп менен.
Сүрөтүңдөн кемтик таппай эч качан,
Сүйгөндүгүм айталбаймын кеп менен.

Жанымдагы жароокерим деп келем,
Жалгыз гүлүм сага жазам эп менен.
Ашыктыктын күч-кубаты чексиздей,
Айталбаймын сүйгөндүгүм кеп менен.

*26. 03. 2015-жыл.*

# АВТОРДОН БУКЕТ

Жарым өзүң өмүрүнө тең болуп,
Жадакалса жан дүйнөмө кең болуп.
Сен деп жазам нечендеген ырларды,
Көп ырлардын авторунда мен болуп.

Жолдо жүрсөң өмүрүмө тең болуп,
Жоголбочу жан дүйнөмө кен болуп.
Жоолук салсаң сага гана жарашат,
Жомоктогу Джульетта сен болуп.

Өзүң жокто жазым дагы саргара,
Өзүңдөй бир көргөзсөңчү жар мага.
Өкүнүчкө кол шилтелет ар качан,
Өзүң барда өмүрүмө бар дабаа.

Далилденип ак сүйүүбүз тураарга,
Дайындалды жүрөгүмө бул арга.
Далай жолу арналды го өзүңө,
Дал өзүмө тиешелүү чыгарма.

Болгум келет жалгыз сага сөз берер,
Болочокко ийгилик кыл көз көрөр.
Барктуулар да теңелишти көп ирет,
Баса албады орунуңду өзгөлөр.

Убадам бар сени сактоо көзүмдөй,
Улууларча мыкты жигит сөзүндөй.
Сууруп алчу кайгылардан көп жолу,
Сулууларың боло албады өзүңдөй.

*18. 01. 2018-жыл.*

# МАЗМУНУ

Автордон ........ 3
Талантың ташкындай берсин, Тынчтыкбек ........ 4
Ата-Мекен ........ 7
Ноокен районуна ........ 8
Айтаар сөзүм ........ 9
Ак жамынган жаңы жыл ........ 10
Ак калпак ........ 11
Кызыма ........ 12
Алыкул Осмонов ........ 13
Энелерге ........ 14
Жеке оюм ........ 14
Ала-Тоомо ........ 15
Мекенге кат ........ 16
Атаке ........ 17
Энеме ........ 18
Сураныч ........ 19
Сага ........ 20
Айжамал ........ 21
Аккордеон ........ 22
Туулган жер ........ 23
Мекеним – Кыргызстан ........ 24
Кыргыз жерине ........ 25
Эй Алыкул! ........ 26
Мекениме ........ 28
Атама ........ 29
Энеме ........ 29
Сага арналат ........ 30
Алыстап сенден ........ 31
Кыргызстан ........ 32
Арада чакырым ........ 33
Кандайсың? ........ 34
Качан келесиң? ........ 35

**Жүрөктүн төрүн уялап ................................................ 36**
**Коштошуу ................................................ 37**
**Коштошуу ................................................ 37**
**Сагыныч ................................................ 38**
**Азыр барам ................................................ 39**
**Кайда элең? ................................................ 40**
**Ашыгыма ................................................ 41**
**Көз алдымда ................................................ 41**
**Сага байлануу ................................................ 42**
**Кызганамын шамалдан ................................................ 43**
**Эстеп сени ................................................ 43**
**Тоскоол ................................................ 44**
**Элесиң күч ................................................ 45**
**Сенсиз ................................................ 46**
**Сунуп жүргүн ................................................ 47**
**Сыр ................................................ 48**
**Поэзияда эң биринчи Алыкул ................................................ 49**
**Жыйырма төрт жаш ................................................ 50**
**Менин сүйүүм ................................................ 51**
**Бакыттарын эскерип... ................................................ 52**
**Өстүр жаным... ................................................ 53**
**Атага ................................................ 54**
**Бир кезде ................................................ 55**
**Кыргыз жерим ................................................ 56**
**Эки алп ................................................ 57**
**Сендеги көрк ................................................ 58**
**Москва ................................................ 59**
**Асанкалый Керимбаев ................................................ 60**
**Эскини козгоп ................................................ 61**
**Тагдыр күчү ................................................ 62**
**Акын жолу ................................................ 63**
**Салымың ................................................ 64**
**Жаратканга ................................................ 65**
**Венера ................................................ 66**

Кыргыз зоосу ........................................................................ 67
Комуз ...................................................................................... 68
Кайрылбай ............................................................................. 69
Кыздуу болдум ..................................................................... 70
Жарыма ................................................................................. 71
Изиңерде гүл өнүп... ........................................................... 72
Досторго ................................................................................ 73
Мекен сага саламым ............................................................ 74
Баратамын талкалап ........................................................... 75
Табалбай келем элесиң ....................................................... 76
Сүйүүнүн гүлү көктөсө ........................................................ 77
Дагы Алыкул жөнүндө ......................................................... 78
Ырларды сага атадым .......................................................... 80
Жалпыга ................................................................................ 81
Сулуулугуң дем берет .......................................................... 82
Досумдун арманы ................................................................. 83
Жаңырыкка жеткирет ......................................................... 86
Арабызда .............................................................................. 87
Автордон букет .................................................................... 88

**Тынчтыкбек КЫДЫРОВ**

# *Мекенге кат*

***Китептин редактору:*** **Бурайма РАЙИМБЕКОВА.**
***Компьютерде жасалгалаган:*** **Медер АБДУКЕРИМОВ.**

Басууга берилди ?????.2019
Кагаздын форматы ??????. Көлөмү ???? басма табак.
Нускасы ???.

Ош шаары, ????????????????????